**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________№_____________ Бишкек ш.

**Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында этика боюнча комиссиянын отчеттуулук формасын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 "2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилине I этап үчүн), Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы № 171 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексин бекитүү жөнүндө" Жарлыгын жана "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жүзөгө ашыруу максатында **буйрук кылам:**

1. Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этика боюнча комиссиянын ишинин отчеттуулук формасы (тиркемеге ылайык) бекитилсин.

2. Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары этика боюнча комиссиянын иши боюнча маалыматты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттикке (мындан ары – Агенттик) жыл сайын, отчеттук жылдан кийинки айдын 5не чейин бекитилген формага ылайык берип турушсун.

3. Кадрдык, финансылык жана административдик камсыздоо бөлүмү бул буйрук катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Агенттиктин веб-сайтында анын жарыяланышын камсыз кылсын.

4. Агенттиктин кадр саясаты башкармалыгынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат бөлүмү кабыл алынган күндөн тартып жети жумушчу күндүн ичинде буйруктун электрондук версиясын электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу Укуктук маалыматтардын борборлоштурулган

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

банкына киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

5. Агенттиктин 2026-жылдын 24-мартындагы “Этика боюнча комиссиянын отчеттуулук формасын бекитүү жөнүндө” № 01-25/86 буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

7. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо директордун орун басарына Б.С. Усеналиевага жүктөлсүн.

**Директордун милдетин**
**убактылуу аткаруучу,**
**директордун орун басары** **Р.А. Кубаталиев**

Тиркеме

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин
“____” ______________ 202__-ж. буйругу

**Мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында этика боюнча комиссиянын ишинин отчету**

| № | Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы | Этика ченемдеринин бузулушун кароо | | | Окутуу жана алдын алуу иштери | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Отурумдардын саны | Бузуунун түрү | Колдонуу чаралары | Этикалык жүрүм-турум маселелери боюнча өткөрүлгөн окутуу иш-чараларынын саны | Коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу жана кызыкчылыктардын кагылышуусун жоюу боюнча киргизилген сунуштардын саны | Кызматчылар менен этика маселелери боюнча өткөрүлгөн профилактикалык маектешүүлөрдүн саны | |
| *1* | *2* | *3* | *4* | *5* | *6* | *7* | *8* | *9* |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
№ 01-23/215, 29.07.2026
Кол койгон: Кубаталиев Р.А.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин "Мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында этика боюнча комиссиянын отчеттуулук формасын бекитүү жөнүндө" буйругунун долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

**1. Максаты жана милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – Агенттик) "Мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында этика боюнча комиссиянын-отчеттуулук формасын бекитүү жөнүндө" буйругунун долбоору 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу, ошондой эле мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында этика боюнча комиссиялардын иши жөнүндө маалыматты тутумдуу чогултууну, жалпылоону жана талдоону камсыздоочу бирдиктүү отчеттуулук форманы белгилөө максатында иштелип чыкты.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында этика боюнча комиссиялардын иши Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 31-майындагы № 171 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын этика кодексине ылайык жүзөгө ашырылат. Этика боюнча комиссиялар кызматчылар тарабынан кызматтык жүрүм-турумга карата белгиленген талаптардын сакталышын жана кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу маселелерин карайт, бул коррупцияны алдын алуу системасынын элементтеринин бири болуп саналат.

"2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы (2025-2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилине I этап үчүн) менен коррупцияга каршы механизмдерди күчөтүү, анын ичинде этика боюнча комиссиялардын ишин эсепке алуу жана талдоо боюнча чараларды көрүү каралган.

Агенттик ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катары мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында этика боюнча комиссиялардын иши жөнүндө методикалык коштоону, мониторингди жана маалыматты жалпылоону камсыз кылат.

Буга чейин Агенттиктин 2026-жылдын 24-мартындагы № 01-25/86 буйругу менен этика боюнча комиссиянын отчеттуулук формасы бекитилген.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Маалыматтарды бирдей берүүнү камсыз кылуу жана отчеттуулукту жакшыртуу максатында буйруктун долбоору менен отчеттуулуктун формасын жаңы редакцияда бекитүү сунушталат.

Бекитилүүчү отчеттуулуктун формасы мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышын, этика боюнча комиссиянын өткөрүлгөн отурумдарынын санын, аныкталган бузуулардын түрүн, көрүлгөн чараларды, этикалык жүрүм-турум маселелери боюнча өткөрүлгөн окутуу иш-чараларынын санын, коррупциялык тобокелдиктерди азайтуу жана кызыкчылыктардын кагылышуусун жоюу боюнча киргизилген сунуштардын санын, кызматкерлер менен этика маселелери боюнча өткөрүлгөн алдын алуу маектеринин санын, ошондой эле эскертүүлөрдү чагылдырууну карайт.

Буйруктун долбоору менен мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына этика боюнча комиссиялардын иши жөнүндө маалыматты отчеттук жылдан кийинки айдын 5-не чейин Агенттикке бекитилген форма боюнча жыл сайын берүү милдети жүктөлөт. Буйрукту Агенттиктин веб-сайтында жарыялоо жана аны Укуктук маалыматтардын борборлоштурулган банкына киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүү белгиленген мөөнөттөрдө камсыз кылынат.

Ошол эле учурда буйруктун долбоору менен отчеттуулуктун формасы жаңы редакцияда бекитилишине байланыштуу Агенттиктин 2026-жылдын 24-мартындагы № 01-25/86 буйругун күчүн жоготту деп таануу каралууда.

Буйрук долбоорун кабыл алуу мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы этика боюнча комиссиялардын иши жөнүндө маалыматтарды чогултууга, жалпылоого жана талдоо жүргүзүүгө бирдиктүү мамилени камсыз кылат, алардын ишинин ачык-айкындуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатат жана 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашырууга өбөлгө түзөт.

Буйруктун долбоору Кыргыз Республикасынын 17 министрлигине, 2 республикалык маанидеги шаарына, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараттарына макулдашууга жөнөтүлгөн.

Макулдашуунун жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынан сунуш келип түштү, ал эске алынды.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Буйрук долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Аталган долбоор коомдук талкуулоо жол-жобосунан өткөрүүнү талап кылбайт, анткени “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык жарандардын жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарын козгобойт.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Буйрук долбоору колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Буйрук долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Буйрук долбоору жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Директордун милдетин**
**убактылуу аткаруучу,**
**директордун орун басары** **Р.А. Кубаталиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



№ 01-23/215, 29.07.2026

Кол койгон: Кубаталиев Р.А.